| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК- КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЫСЫК- КӨЛ РАЙОНУ<br><br>АНАНЬЕВО<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АНАНЬЕВСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Ананьево Айылдык Кеңешинин 28 чакырылышынын кезексиз 17- сессиясы

# ТОКТОМ

**05.09.2023ж.** **№ 28/17- 1** **Ананьево а.**

**"Айыл аймактарды бириктирүү жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы "Кыргыз Республикасынын административдик – аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө" №350 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын" 4.4 – бөлүмүн ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" жана юридикалык жактарды, филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө Жобосу жана Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 8-августундагы №226-Т тескемесин аткаруу максатында Ананьево айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы С.К.Мамагуловдун маалыматын, сунушун угуп, талкуулап Ананьево айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ананьево айыл аймагы (Ананьево, Көк-Дөбө, Чет-Байсоорун айылдары), Ж.Абдрахманов айыл аймагы (Жаркынбаев, Кароол –Дөбө айылдары), Өрүктү айыл аймагы (Өрүктү, Чоң – Өрүктү, Орто-Өрүктү айылдары) бир айыл аймак болуусуна макулдук берилсин.
2. Түзүлгөн айыл аймагы **"Жусуп Абдрахманов айыл аймагы"** болуп аталышына макулдук берилсин.
3. Жаңы уюшулган **"Жусуп Абдрахманов"** айыл аймагынын административдик борбору Ананьево айылында жайгашсын.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде **"Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айылдык кеңеши"** мекемеси
- Расмий тилде Учреждение "Айыльный кенеш **Жусуп Абдрахмановского айыльного аймака**"

Кыскартылган фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде **"Жусуп Абдрахманов айыл аймагы"** мекемеси
- Расмий тилде Учреждение "**Айыльный аймак Жусуп Абдрахманова**"

4. Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын Жобосу бекитилсин.

5. Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын юридикалык дареги болуп Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району, Ананьево айылы, Ленин көчөсү №120 болуп аныкталсын.

6. Ушул токтомду каттоо жагы Мамлекеттик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн областтык Юстиция башкармалыгына Ананьево айылдык Кеңештин 03.07.2015-жылдын №7-токтомунун негизинде мамлекеттик тилде жиберилсин жана ММКда жарыялансын.

7. Ушул токтомдун аткарылышын Укук бузуу менен күрөшүү, мыйзамды сактоо, коомдук бирикмелер менен иш алып баруу туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Мамагулов**

***Г.Стамова Жиберилди: Иш кагаздарына -1, айыл өкмөтүнө – 1, РМА-1, облюст.башк.- 2***